**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ**

# Кыргыз Республикасында 2009-жылы эл жана турак жай фондун каттоо

## I КИТЕП

Калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктердин саны

Бишкек 2009

**Калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү**

**жана турак жай бирдиктердин саны**

Редакциялык-басмалык кеңеш:

Төрага - О. Абдыкалыков
Мүчөлөрү: - Д. Байжуманов
- Н. Түлөгабылов
- А. Осмоналиев
- А. Ким
- К. Койчуманова
- Р. Плесовских
- Ч. Турдубаева

Ушул басылмага байланыштуу маалыматтар боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., **Фрунзе көчөсү, 374**
телефон: 996 (312) 324641
факс: 325604
e-mail: nsc_mail@stat.kg
интернет: www.stat.kg
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Эл жана турак жай фондун каттоо бөлүмү

Бул статистикалык жыйнакта Кыргыз Республикасынын 2009-жылдагы эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыктары боюнча калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктердин саны жөнүндө маалыматтар көрсөтүлдү.

Жыйнак өлкөнүн аймагы боюнча калктын саны жана жайгашышы, анын жыныстык-куракттык жана улуттук курамы, тилди билүү, никелик абалы, калктын киреше булактары, ошондой эле калктын миграциясы жана үй чарбалардын турак жай шарттары жөнүндө маалыматтарды камтыйт.

Бул жыйнакта жарыяланган маалыматтар алдын ала чыгып жатат жана мындан ары дагы такталышы мүмкүн.

Кийинки басылмаларда эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыктары - калктын географиялык, демографиялык, экономикалык жана социалдык белгилери, тышкы жана ички миграциясы, үй-бүлөлөрдүн жана үй чарбалардын белгилери, турак жай белгилери жөнүндө толук маалыматтар камтылып, өзүнчө китеп болуп басылып чыгат.

Статистикалык маалыматтарды жалпы маалымдоо каражаттарына жана илимий эмгектерге, маалымат тармактарына, кагазда, магниттик жана башка колдонуучуларга таратканда пайдалануучулар алардын булагын көрсөтүүгө милдеттүү (Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик статистика жөнүндө» Мыйзамынын 17-статьясы). Кайталап басып чыгарууга, которууга жана үзүндүлөрдү колдонууга, анын кайдан алынган булагын көрсөтүү жолу менен гана уруксат берилет.

## М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| I | **Кириш сөз** ........................................................................... | 5 |
| | №1-карта. Кыргыз Республикасынын райондор жана шаарлар боюнча административдик-аймактык түзүлүшү ................................ | 6 |
| | №2-карта. Кыргыз Республикасынын райондор боюнча калкынын жыштыгы ............................................................. | 7 |
| II | **Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү**......... | 8 |
| III | **Калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктердин саны**.................................................................... | 8 |
| IV | **Публикациялык таблицалар** ............................................................ | 24 |

**1-таблица. Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү**

| | |
|---|---|
| 1.1. ААБОТ мамлекеттик классификаторуна ылайык Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү............... | 24 |
| 1.2. Иш жүзүндөгү жайгашкан жери боюнча кыштактардын (айылдардын) саны жөнүндө маалыматтардын ААБОТ мамлекеттик классификаторуна шайкеш келбегендиги жана анын себептери ....... | 24 |

**2-таблица. Калктын саны жана алардын жайгаштырылышы**

| | |
|---|---|
| 2.1. Аймактар боюнча шаардык жана айылдык болгон калктын саны жана анын жалпы санындагы салыштырма салмагы.......................... | 25 |
| 2.2. Аймактар боюнча шаардык жана айылдык туруктуу калктын саны жана анын жалпы санындагы салыштырма салмагы......................... | 25 |
| 2.3. Чөлкөмдөр боюнча шаардык жана айылдык болгон калктын жана туруктуу калктын саны ................................ | 26 |

**3-таблица. Жынысы жана курагы боюнча калктын болгон жана туруктуу саны**

| | |
|---|---|
| 3.1. Жынысы жана аймактар боюнча калктын болгон жана туруктуу (убактылуу жашаган жана убактылуу жок болгондордун) саны .......... | 29 |
| 3.2. Жынысы жана аймактар боюнча шаардык жана айылдык туруктуу калктын саны .................................................................. | 30 |
| 3.3. Аймактар боюнча шаардык жана айылдык туруктуу калктагы эркектер менен аялдардын салыштырма салмагы ........................... | 31 |
| 3.4. Жынысы жана курактык топтор боюнча шаардык жана айылдык туруктуу калктын саны ...................................................................... | 32 |
| 3.5. Курактык топтор боюнча туруктуу калктагы эркектер менен аялдардын салыштырма салмагы ....................................................... | 33 |
| 3.6. 2009-ж. жашаган жерлеринде убактылуу жок болгон калктын жок болгондуктарынын себептери, убактысы жана барган жери боюнча бөлүштүрүү ............................................................................................ | 34 |
| 3.7. 2009-ж. убактылуу жашаган калктын туруктуу жашаган жеринде болбогондуктарынын себептери, убактысы жана орду боюнча | |

бөлүштүрүү....................................................................................... 35

**4-таблица. Улуту жана тили боюнча туруктуу калктын саны**

4.1. Айрым улуттар боюнча туруктуу калктын саны ………………… 36

4.2. 2009-ж. айрым улуттар жана эне тили боюнча туруктуу калктын саны……. 37

4.3. 2009-ж. айрым улуттар жана экинчи тилди билүү боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы туруктуу калктын саны …… ………….. 38

**5-таблица. Калкка билим берүү**

5.1. Билим деңгээли боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы туруктуу калктын саны………………………… .. 39

5.2. Жынысы боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы туруктуу калктын билим деңгээли ………….. 40

**6-таблица. Калктын киреше булактары жана иштеген иши**

6.1. Жашоо каражаттарынын негизги булактары боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы калк…………………………………………. 41

6.2. Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы иштеп жаткан калк …………………………… 42

**7-таблица. Жынысы жана никелик абалы боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы калк**

7.1. 2009-ж. жынысы жана никелик абалы боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы туруктуу калктын саны ………………………... 45

7.2. 1999-2009-жж. жынысы жана никелик абалы боюнча 15 жаш жана андан улуу курактагы туруктуу калктын саны …………………….. 45

**8-таблица. Үй чарбалар жана үй-бүлөлөр**

8.1. Аймактар боюнча шаар жана айыл жерлериндеги үй чарбалардын саны………………………………………………………………… 46

8.2. Аймактар боюнча шаар жана айыл жерлериндеги үй-бүлөлөрдүн саны…………………………………………………………………. 47

**9-таблица. 2009-ж. калктын турак жай бирдиктери жана турак жай шарттары**

9.1. Типтери боюнча турак жайлардын саны...................................…... 48

9.2. Адаттагы турак жайлардын абалы..........…………………………… 48

9.3. Ээлеген турак жайлардын типтери боюнча үй чарбалары…………..… 49

**V Методологиялык принциптер..............................................................** 50

**VI Шарттуу белгилер жана кабыл алынган кыскартуулар ........................** 53

**Кириш сөз**

Бул жыйнакта Кыргыз Республикасынын 2009-жылдагы эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыктары боюнча алынган Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү, калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктердин саны жөнүндө маалыматтар, ошондой эле мурдагы эл каттоолордун айрым маалыматтары көрсөтүлдү. Жыйнактагы бардык көрсөткүчтөр туруктуу калк боюнча берилди, ал эми болгон калк жөнүндөгү маалыматтар 2.1, 2,3, 3.1-таблицаларда чагылдырылды.

Жыйнак Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы О.Абдыкалыковдун жетекчилиги астында жана Улуттук статистика комитетинин кызматкерлери Д.Байжуманов, А.Осмоналиев, Н.Түлөгабылов, Г.Мурсабекова, В.Мамаева, Л.Торгашева, Т.Абубакирова, К.Койчуманова, Н.Карашева тарабынан даярдалды.

Тематикалык карталар Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин Башкы Эсептөө Борборунда даярдалды.

Бул жыйнак, Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Эл аралык кызматташтык боюнча департаментинин (DFID) финансылык каражаттарынын эсебинен чыгарылды.

КР Улстаткомитети ушул басылманы даярдоого, эл каттоону өткөрүүгө финансылык жардам жана кеңеш берген Кыргыз Республикасындагы БУУнун Калк Фондусунун кызматкерлерине ыраазычылык билдирет (ЮНФПА).

Бул жыйнак кыргыз, орус жана англис тилдеринде даярдалды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети Кыргыз Республикасынын 2009-жылдагы эл жана турак жай фондун каттоонун жыйынтыктарын иштеп чыгуу жана басылмаларды даярдоо боюнча иштердин календарлык планына ылайык төмөнкү тематика боюнча жыйнактарды чыгарууну пландаштырат:

| | | **Чыгаруу мөөнөтү**[1] |
|---|---|---|
| **I китеп** | **Калктын негизги социалдык-демографиялык мүнөздөмөлөрү жана турак жай бирдиктердин саны** | IV квартал 2009-ж. декабры |
| **II китеп 1 - бөлүк** | **Кыргызстандын калкы** | I квартал 2010-ж. |
| **III китеп (Ч серия)** | **Кыргыз Республикасынын чөлкөмдөрү** | II - III квартал 2010-ж. |
| | Р1 Баткен облусу | |
| | Р2 Жалал-Абад облусу | |
| | Р3 Ысык-Көл облусу | |
| | Р4 Нарын облусу | |
| | Р5 Ош облусу | |
| | Р6 Талас облусу | |
| | Р7 Чүй облусу | |
| | Р8 Бишкек ш. | |
| | Р9 Ош ш. | |
| **II китеп 2 - бөлүк** | **Кыргыз Республикасынын калкынын экономикалык активдүүлүгү жана иштеген иши** | III квартал 2010-ж. |
| **II китеп 3-бөлүк** | **Кыргыз Республикасынын калкынын миграциясы** | III квартал 2010-ж. |
| **IV китеп** | **Кыргыз Республикасынын турак жай фонду жана калктын турак жайынын шарттары** | IV квартал 2010-ж. |
| **V китеп** | **Кыргыз Республикасынын үй чарбалары жана үй- бүлөлөрү** | IV квартал 2010-ж. |

[1]*Жыйнактардын чыгуу мөөнөттөрү шарттуу түрдө белгиленди, анткени алар чыгуучу маалыматтар программасынын таблицалары даяр болгондо басылат*

**№2 - карта**

## Кыргыз Республикасынын калкынын райондор боюнча жыштыгы



## II. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК-АЙМАКТЫК ТҮЗҮЛҮШҮ

### Кыргыз Республикасынын административлык-аймактык түзүлүшү

Кыргыз Республикасы 7 облустан жана республикалык маанидеги 2 шаардан турат (өлкөнүн борборун кошкондо), ар бир облус өз курамына райондорду жана облустук маанидеги шаарларды камтыйт, райондорго райондук маанидеги шаарлар, шаарчалар, поселоктор жана айылдык округдар кирет, алар, өз кезегинде, айылдык калктуу пункттарды бириктирет (№1-карта).

Акыркы он жылдын ичинде административлык-аймактык түзүлүш маанилүү өзгөрдү. Өлкөнүн административлык-аймактык түзүлүшүн жакшыртуу максатында жана Кыргыз Республикасынын 2003-ж. 11-июнундагы №97 «Ош шаарынын статусу жөнүндө» Мыйзамына ылайык Ош шаары республикалык маанидеги шаардын статусун алды.

Шаардык жана айылдык жерлердин структурасы кыйла өзгөрдү. Мисалы, мурда айылдык жерлер болуп эсептелген Баткен, Исфана, Кербен азыр шаар болуп аталды. Бишкек шаарынын тегерегиндеги, административлык чектен тышкары курулган жаңы турак жай массивдери да борборго тиешелүү деп эсептелди.

Республиканын шаардык калкы 25 шаарда жана 28 шаарчаларда, тактап айтканда, 53 шаар жеринде жашайт. Шаардык калктын 90 пайызынан көбү шаарларда, калган бөлүгү шаарчаларда жашайт. Айылдык калк 440 айылдык округдарда (жергиликтүү коомчулуктарда) жашайт, алар жер-жерлерде жайгашкан 1834 айылдарды камтыйт (1.1-таблица).

Эл каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, айылдар иш жүзүндө болгону «Кыргыз Республикасынын административлык-аймактык бөлүнүшүнүн объектилерин жана аймактык бирдиктерин белгилөө тутуму» мамлекеттик классификаторуна (ААБОТ) шайкеш келбейт. Ошол себептен, табигый кырсыктардын натыйжасында же инфраструктуранын жоктугунан жана алыстыгынан 23 айыл өз жеринде жайгашкан жок. Азыркы учурда бул жерлер малдын жайыты катары колдонулат. Мындан тышкары, жер-жерлерде административлык-аймактык бөлүнүшү жүргүзүлүп жатканда, 15 айыл башка айылдардын курамына, өзүнүн, же болбосо башка айылдык округдун курамына кирди (1.2-таблица).

## IV. КАЛКТЫН НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ ЖАНА ТУРАК ЖАЙ БИРДИКТЕРДИН САНЫ

### Калктын саны жана жайгаштырылышы

Кыргыз Республикасы өз аймагы боюнча калктын тең эмес жайгашуусу менен мүнөздөлөт. Кыргызстан жалпы жонунан эл аз жайгашкан өлкө болуп саналат. Болгон калктын орточо жыштуулугу 1 чарчы километрге 25,6 адамды түзөт. Табигый-климаттык шарттардын жана өлкөнүн экономикасынын өзгөчөлүктөрүн байланыштуу тоолуу жерлерде эл аз жайгашкан, ал эми өрөөндөрдө жана шаарларда калктын жыштуулугу жогору (№2-карта).

Аянт боюнча өлкө аймагынын 10,1 пайызын ээлеген Чүй өрөөнүндө эл кыйла жыш жайгашкан. Бул жерде өнөр жай ишканалары топтолгон жана айыл чарба өнүккөн, ошондуктан 2009-ж. эл каттоо көрсөткөндөй, Бишкек шаарынын тургундарын кошкондо, бүт калктын 32,4 пайызы жашайт, ал эми калктын жыштуулугу 1 чарчы километрге 81,6 адамды түзөт. Кыргызстандын салыштырмалуу түрдө эл көп жайгашкан аймагына Ош облусу таандык (1 чарчы километрге 34,5 адам), мында калктын 19,6 пайызы жашайт. Баткен жана Жалал-Абад облустардагы калктын жыштуулугу, турушуна жараша, 1 чарчы километрге 22,4 жана 27,9 адамды, Талас облусунда 19,3 адамды түзөт. Нарын облусунда

калктын жыштуулугу төмөн - 1 чарчы километрге 5,4 адам, Ысык-Көл облусунда 1 чарчы километрге 9,9 адам.

Демографиялык статистикада калктын эки категориясы колдонулат: болгон калк жана туруктуу калк.

**Болгон калк** - каттоо учурунда ушул калктуу пунктта туруктуу же убактылуу жашаган калк.

Кыргыз Республикасынын болгон калкынын саны 2009-ж. 24-мартына карата 5107,7 миң адамды түздү. Калктын үчтөн бир бөлүгүнөн ашыгы (35 пайызы) шаар жерлеринде жана дээрлик үчтөн эки бөлүгү (65 пайызы) айыл жерлеринде жашайт (2.1-таблица). Калктын жалпы санынын ичинде шаардык жана айылдык калктын салыштырма салмагы 1999-ж. карата өзгөргөн жок.

1999-ж. каттоодон кийинки он жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын болгон калкынын саны 257,0 миң адамга же 5,3 пайызга өстү, анын ичинде шаардык калктын саны 89,0 миң адамга, же 5,2 пайызга, айылдык калктын саны 168,0 миң адамга, же 5,4 пайызга көбөйдү.

Өткөн он жылдын ичинде болгон калктын санынын жогорулашы Бишкек ш. байкалды (9,8 пайызга), Талас облусунда (9,6 пайызга), Жалал-Абад (7,9 пайызга) жана Ош облусунда (6,3 пайызга). Чүй облусунда (2,4 пайызга) ал эми Ысык-Көл облусунда калктын өсүүсү төмөн (2,3 пайызга). Болгон калктын саны Нарын облусунда 1999-ж. салыштырганда 1,4 пайызга кыскарды.

Каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, шаар жерлеринин жалпы санынын 90 пайызынын көбү поселокторго жана шаарчаларга, ошондой эле тургундардын саны 50 миң адамга чейинки кичи шаарларга туура келет. Ал жерлерде 531,3 миң адам жашайт, бул шаардык калктын жалпы санынын 29,5 пайызын түзөт. 2009-ж. каттоо күнүнө карата шаардык калктын негизги бөлүгү (59,5 пайызы) тургундардын саны 100 миң жана андан ашык адамга жеткен ири шаарларда топтолгон - Бишкек ш. (851,8 миң адам) жана Ош ш. (220,5 миң адам). Калктын саны 50 миң ден 100 миң адамга жеткен орто шаарларда (Жалал-Абад, Каракол жана Токмок шаарлары) 199,3 миң адам, же шаардык калктын жалпы санынын 11 пайызы жашайт (2.3-таблица).

**Туруктуу калк** - ушул аймакта туруктуу жашаган калк, буга каттоо учурунда убактылуу жок болгон адамдар да кошулат.

Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны 2009-ж. 24-мартына карата 5362,8 миң адамды түздү, анын ичинде 1828,2 миң адам шаардык калк жана 3534,6 миң адам айылдык калк (2.2-таблица).

**1-график: 2009-ж. аймак боюнча туруктуу калктын санын бөлүштүрүү**

*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*



1999-ж. каттоодон кийинки он жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны 539,9 миң адамга же 11,2 пайызга өстү, анын ичинде шаардык калктын саны - 149,7 миң адамга же 8,9 пайызга, айылдык калктын саны - 390,2 миң адамга же 12,4 пайызга.

**2-график: Аймак боюнча туруктуу калктын санынын өзгөрүлүшү**
*(миң адам)*




1979-2009-жж. туруктуу калктын санынын өсүүсү республиканын чөлкөмдөрү боюнча кыйла айырмаланат. Туруктуу калк санынын эң чоң өсүүсү Ош облусунда - 2 эсе болгону байкалды, Баткен - 80,5 пайызга, Жалал-Абад облусунда - 72,2 пайызга, ошондой эле Бишкек шаарында - 56,0 пайызга, ал эми калган облустарда бул көрсөткүч төмөнүрөөк: Нарын облусунда - 20,0 пайызга, Чүй облусунда - 14,7 пайызга.

Демографиялык процесстердин эволюциясы, ошондой эле ички миграциялык агымдардай эле, тышкы миграциялык агымдар да калктын жынысы жана курамы боюнча структуранын өзгөрүлүшүнө таасирин тийгизди.

1999-ж. биринчи улуттук эл каттоонун жыйынтыктарына салыштырганда 2009-ж. болгон калктын саны туруктуу калктын санынан ашты, бул, убактылуу жок болгон адамдардын чоң саны менен түшүндүрүлөт – 250.6 миң адам (3.6-таблица).

Республиканын калкына мүнөздүү болгон көрүнүш 2009-ж. да сакталды: аялдардын саны эркектердин санынан ашып, 71,0 миң адамды түздү (1999-ж. 62,1 миң адам). Аялдардын санынан эркектердин саны бир нечеге көбөйүп, алардын салыштырмалуулугун өзгөрткөн жок: 1999-ж. 1000 аялга 975 эркек туура келген болсо, 2009-ж. 974 эркек туура келди (3.2, 3.3-таблицалар).

35 жаш курактан кийин жыныстардын дисбалансы билине баштайт, 80 жаш жана андан улуу куракта аялдардын саны эркектердин санынан 2 эседен көп ашат. Мындай айырманы согуштун натыйжасы, ошондой эле аялдарга караганда эркектердин өмүрү кыска болгондугун түшүндүрөт. Калктын орточо курагы өсүүдө. Эгерде, 1999-ж. ал 26,2

жашты түзгөн болсо, 2009-ж. - 27,6 жашты түздү, эркектердин орточо жашы, турушуна жараша, 25,2 жана 26,7 жаш болсо, аялдардыкы - 27,2 жана 28,4 жашты түзүп отурат.

**3-график: Туруктуу калктын жыныстык-курактык структурасы**




Калктын курактык структурасындагы айрым топтордун ролу жана мааниси бирдей эмес. Эреже катары, макродеңгээлде үч ири курактык топко бөлүнөт: эмгекке жарамдуу калк, эмгекке жарамдууга чейинкилер жана эмгекке жарамдуудан улуулар. Ар бир топтун

кыймылы өз өзгчөлүктөргө ээ. 1999-2009-жж. ичинде эмгекке жарамдуу калктын саны 25,4 пайызга өстү, ал эми бүт калктын саны 11,2 пайызга гана көбөйдү. Мындай чоң өсүү эмгек рыногуна кошумча жүк алып келет.

Калктын курактык структурасы бардык үч ири курактык топ боюнча маанилүү өзгөрдү. Демографиялык жактан алганда (3.4-таблица). Кыргызстандын калкы жаш: 2009-ж. 32,5 пайызды балдар жана өспүрүмдөр, 59,4 пайызды эмгекке жарамдуу адамдар түздү жана 8,1 пайызды эмгекке жарамдуудан улуулар түздү, буга байланыштуу эмгекке жарамдуу калкка демографиялык жүктүн коэффициенти орточо эсеп менен 682 адамды түздү, анын ичинде шаарларда - 573, айылдарда - 745 адам.

Муну менен бирге, калктын курактык структурасы оң бойдон калгандыгын белгилей кетүү керек, анткени өнүгүп бараткан өлкөлөрдө эмгекке жарамдууга чейинкилер басымдуулук кылат, ал эми өнүккөн өлкөлөрдө эмгекке жарамдуудан улуу адамдар басымдуулук кылат.

Калктын курактык структурасына экинчи дүйнөлүк согуш таасирин тийгизди, анткени согуш мезгилинде төрттөрдүн саны азайды, ал түгүл, согуш мезгилинде активдүү төрөй турган курактагы аялдар жана андан кийинки муундагы жаштардын төрөттөрүнүн санынын азайышына алып келди. 2009-ж. калктын структурасында 60-64 жана 65-69 жаштагы курактык топтордогу, тактап айтканда, согуш жана согуштан кийинки мезгилде төрөлгөн адамдардын үлүшү кыйла азайды.

**4-график: 2009-ж. шаардык жана айылдык туруктуу калктын жыныстык-курактык структурасы**




Шаардык жана айылдык калктын курактык структурасы кыйла айырмаланат. Шаардык калктын курактык структурасына миграциялык процесстер таасирин тийгизди (төрөттүүлүк жана өлүү деңгээлиндеги айырмалардан бөлөк). Мындан тышкары, жаштар окуу же иштөө үчүн шаарларга көчүп кеткендиктен шаарларда 20 жаш жана андан улуу курактагы калктын саны басымдуулук кылганы байкалат. Эң активдүү эмгекке жарамдуу курактагы адамдардын ичинен да (30-39, 40-49 жаш) айылдыктарга караганда шаар

тургундарынын салыштырма салмагы жогору. Муну менен бирге айыл жергесине караганда шаарларда балдардын жана өспүрүмдөрдүн үлүшү төмөн, ал эми улуураак курактагы адамдардын үлүшү жогору. Ошентип, шаарларда 65 жаш жана андан улуу курактагы адамдардын салыштырма салмагы 5,0 пайызды, айылдарда 4,7 пайызды түздү.

Аталган айырмалардын натыйжасында шаарларда айыл жергесине караганда улгайгандар көбүрөөк, анын орточо курагы, шаарларда, 29,0 жашты түзсө, айыл жергесинде 26,8 жашты түзөт.

**Улуту жана тил билүү боюнча туруктуу калктын саны**

Каттоонун материалдары өлкөдө жашаган улуттардын толук мүнөздөмөсүн чагылдырат (4.1-таблица). Эл каттоодо адамдын улуту анын сөзүнөн жазылганын, балдардын улуту алардын ата-энесинин сөзүнөн жазылганын белгилей кетүү керек. Кыргыз Республикасы көп улуттуу өлкө, анда 2009-жылдагы каттоонун маалыматтары боюнча 100дөн ашык улут жашайт.

Калктын этникалык структурасы акыркы он жылдын ичинде абдан өзгөрдү, ага миграциялык процесстер чоң таасир тийгизди. 2009-жылдагы каттоонун маалыматтары боюнча республикада кыргыздар эң көп сандагы улут болуп эсептелип, алардын саны 3804,8 миң адамды түздү, ал эми калктын жалпы санындагы үлүшү 1999-жылдагы 64,9 пайыздан 2009-жылы 70,9 пайызга чейин жогорулады.

Муну менен бирге, өлкдө жашаган өзбектердин үлүшү калктын жалпы санынын ичинде - 14,3 пайызды, орустар - 7,8 пайызды, дунгандар - 1,1 пайызды, түрктөр, уйгурлар жана тажиктер - 0,8-0,9 пайызды, украиндер, татарлар жана казактар - 0,4-0,6 пайызды жана башка улуттардын үлүшү1,7 пайызды түздү.

2009-жылдагы каттоонун маалыматтары кыргыздардын санынын гана эмес, дунгандар, өзбектер, тажиктер жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн да санынын көбөйүшүн белгилейт. Мындай өсүү, негизинен, табигый көбөйүүнүн жогорулашы менен байланыштуу, мындан тышкары, Тажикстандан келген этникалык кыргыздардын саны да өсүүгө өз салымын кошту. Муну менен бирге, миграциялык агымдын натыйжасында орустар, украиндер, немецтер, еврейлер жана башка улуттардын өкүлдөрүнүн саны кыскарды.

Калктын санынын көбөйүү темпин салыштыруу, кыргыздардын санынын өсүүсү эң жогору болгондугун көрсөттү, алардын саны 676,7 миң адамга же 21,6 пайызга, өзбектер - 103,4 миң адамга же 15,5 пайызга, дунгандар - 6,3 миң адамга же 12,2 пайызга, тажиктер - 3,5 миң адамга же 8,2 пайызга, азербайжандар - 3,3 миң адамга же 23,6 пайызга, курддар - 1,6 миң адамга же 13,8 пайызга жогорулаган. Мындан тышкары, мурунку 1999-ж. эл каттоонун маалыматтарына караганда түркмөндөрдүн саны 3,5 эсе, кытайлардын саны 2,0 эсе көбөйгөн.

1999-жылга караганда орустардын саны - 183,6 миң адамга, же 30,4 пайызга, украиндер - 28,5 миң адамга, же эки эседен көп, татарлар - 14,0 миң адамга, же 30,8 пайызга, немецтер - 12,0 миң адамга, же эки эседен көп, казактар - 9,5 миң адамга, же 22,2 пайызга азайган. Республиканын калкынын жалпы санынын ичинен бардык аталган улуттардын салыштырма салмагы төмөндөгөн. Ошентип, орустардын үлүшү 1999-ж. 12,5 пайызды түзсө, 2009-жылдагы эл каттоонун маалыматтары боюнча калктын жалпы санынын 7,8 пайызын түздү, украиндер, турушуна жараша, 1,0 пайызды жана 0,4 пайызды, казактар жана татарлар - 0,9 пайызды жана 0,6 пайызды, немецтер жана корейлер - 1999-ж. 0,4 пайыздан жана 2009-ж. турушуна жараша, 0,2 жана 0,3 пайызды түзгөн.

Көп улуттуу өлкө үчүн тил билүү маселеси абдан маанилүү. 2009-жылдагы эл каттоодо эне тилин жана башка тилдерди билүү жөнүндө суроо берилген.

2009-жылдагы эл жана турак жай каттоонун маалыматтары боюнча өлкөдөгү калктын 97,6 пайызы эне тили катары өз улутунун тилин көрсөтүштү, бул, адамдын улуту менен эне тили өз ара тыгыз байланышта болгондугун күбөлөндүрөт, 130,6 миң адам гана (2,4 пайыз) бул моделге туура келбейт, алардын ичинен 4,0 миң кыргыз (0,1 пайыз) орус тилин эне тили катары көрсөткөн.

Мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн бардык калктын саны бүгүнкү күнү республиканын калкынын 71,4 пайызын түзөт. Ар кайсы улуттардын өкүлдөрү эне тили

катары белгилеген башка тилдердин ичинен өзбек тилин эң көп адам колдонот (772,6 миң адам).

Айрым улуттардын өкүлдөрү, өзгөчө украиндер, татарлар, корейлер, немецтер жана белорустар эне тили катары орус тилин белгилешти, ал эми айрым казактар, өзбектер, түрктөр жана калмактар өз улутунун тилин эмес, кыргыз тилин эне тили деп эсептейт.

Экинчи тилде эркин сүйлөө жөндөмдүүлүгү республикада кеңири таркалган (15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 59,4 пайызы).

Башка тилди билген орус калкынын үлүшү 1,4 пайызды гана түзөт. Орус тилин эне тили катары белгилеген калктын (украиндер, немецтер) салыштырма салмагы чоң болгон башка топтордо да бул көрсөткүчтүн деңгээли төмөн. 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын экинчи тилди билген эң чоң үлүшү кыргыздарда байкалат - калктын 72,2 пайызы жана өзбектерде белгиленет - калктын 16,3 пайызы.

Орус тили республикада улуттар аралык байланыштардын абдан маанилүү тили болуп саналат, ал, ошондой эле калктын көпчүлүк бөлүгү колдонуп жаткан жалгыз эл аралык тил. 15 жаш жана андан улуу курактагы кыргыздардын (94,9 пайызы), дунгандардын (94,5 пайызы), калмактардын басымдуу бөлүгү (92,9 пайызы) орус тилин өзүнүн экинчи тили деп аташты.

**Билим деңгээли жана калктын сабаттуулугу**

Көз карандысыздыкты алгандан бери кыргыз тилинин статусу дагы көтөрүлдү. Бирок, каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 10,2 пайызы гана эркин сүйлөй алган экинчи тил катары кыргыз тилин белгилешкен.

Экинчи тил катары кыргыз тили өзбектер менен тажиктердин арасында көп кездешет. Мисалы, өзбек калкынын 48,9 пайызы, тажик калкынын 32,0 пайызы кыргызча сүйлөйт. Орустардын 36,2 пайызы да кыргыз тилин өзүнүн экинчи тили деп аташкан.

Экинчи тил катары республикада үчүнчү орунду өзбек тили ээлейт. 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 3,7 пайызы бул тилде сүйлөшөт. Экинчи тил катары өзбек тилин тажиктердин 41,8 пайызы жана түрктөрдүн 16,2 пайызы көрсөтүшкөн.

Ал эми англис тили «башка тилдердин» ичинен биринчи тил катары көп деле кездешпейт, бирок «башка тилдердин» ичинен көпчүлүк учурларда экинчи тил деп аталат. Англис тилинде бардык калктын 1,2 пайызы эркин сүйлөйт. Алардын ичинен 49,3 пайызын орустар, 32,8 пайызын кыргыздар, 3,4 пайызын өзбектер жана 2,6 пайызын корейлер түзөт.

Ошентип, көп тилди билүү Кыргыз Республикасынын башкы мүнздөмөсү жана маанилүү маданий байлыгы болуп саналат (4.2, 4.3-таблицалар).

2009-ж. каттоонун жыйынтыктары Кыргызстандын калкынын билим деңгээлинин жогору экендигин көрсөттү. 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 16,0 пайызы жогорку жана толук эмес жогорку билимдүү, 7,1 пайызы - орто кесиптик, 58,0 пайызы - жалпы орто билимдүү жана 11,9 пайызы негизги жалпы билимдүү (сегиз-тогуз класстык). Калктын 5,5 пайызынын гана баштапкы билими бар, 1,7 пайызынын баштапкы жалпы билими жок, анын ичинен 28,4 миң адам сабатсыз, бул республиканын калкынын 0,8 пайызын түзөт. Сабатсыздардын болжол менен 73 пайызы эмгекке жарамдуудан улуу калкка туура келет, бул көрсөткүч 1999-ж. каттоонун жыйынтыктары боюнча 84 пайыз болгон (5.1-таблица).

1999-ж. эл каттоонун маалыматтарына салыштырганда жогорку билимдүү адамдардын үлүшү 10,5 пайыздан 12,4 пайызга чейин, жалпы орто - 50,0 пайыздан 58,0 пайызга чейин өстү. Ошол эле учурда, орто кесиптик билими бар адамдардын үлүшү 10,8 пайыздан 7,1 пайызга азайган.

Айылдык калкка караганда шаардык калктын билим деңгээли жогору. Айылдыктарга салыштырганда жогорку билими да, орто кесиптик билими да бар шаардыктардын үлүшү (15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 1000ине эсептегенде) 2 эсе көп. Жалпы негизги билими бар калктын үлүшүнө шаар тургундарынын ичинен 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын 1000ине эсептегенде 101 адам туура келет, айылдыктардын ичинен - 129 адам.

Эркектер менен аялдардын билим деңгээлиндеги бир нече айырмачылыктарды белгилей кетүү керек.

**5-график: 2009-ж. курактар боюнча эркектердин жана аялдардын билим деңгээли**
*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




Жогорку билими бар аялдардын үлүшү калктын 1000ине эсептегенде 134 аялды түздү, эркектердин үлүшү 113тү түздү. Аялдардын ичинен орто кесиптик билими барлардын үлүшү, эркектерге караганда жогору (калктын 1000ине эсептегенде 90, эркектердин үлүшү 50). Ошол эле учурда жалпы орто билими бар аялдардын үлүшү азыраак - 547, ал эми эркектердин үлүшү 615. Эркектерге салыштырганда, баштапкы жалпы билими жок аялдардын үлүшү төмөн (турушуна жараша, 1,2 жана 2,2 пайыз)(5.2-таблица). Муну менен бирге аялдардын сабатсыздуулук деңгээли эркектерге караганда 2 эсе көп. Сабатсыз аялдардын 80 пайызынан ашыгы 55 жаштан улуу адамдарга туура келди (1999-жылдагы каттоонун маалыматтары боюнча 84 пайызы).

Бишкек жана Ош шаарларынан башка, калктын билим деңгээлинде чөлкөмдүк айырмалар анча байкалган жок. Жогорку билими бар адамдардын үлүшү борбордо орточо республикалык деңгээлден 2,0 эсе, Ош шаарында 1,4 эсе ашты. Республиканын карамагындагы шаарларда жогорку билим менен бирге орто кесиптик билим да кеңири таркалган (турушуна жараша, 9,3 пайыз жана 7,6 пайыз). Чөлкөмдөр боюнча жогорку жана орто кесиптик билими бар адамдардын эң чоң көрсөткүчү Ысык-Көл облусунда байкалды (турушуна жараша, 12,8 пайыз жана 9,3 пайыз). Чүй облусунда да орто кесиптик билими бар адамдардын үлүшү жогору (9 пайыз). Баштапкы кесиптик билими бар адамдардын деңгээли Ысык-Көл (8,8 пайыз), Чүй (7,4 пайыз) жана Талас облустарында белгиленди (6,4 пайыз).

**Калктын киреше булактары жана иштеген иши**

Эл каттоо учурунда калктын жашоо булактары жөнүндө маселе жана анын экономикалык мүнөздөмөлөрү изилденди: жумуштуулук, жумушсуздук жана калктын экономикалык активдүүлүгү (6,1; 6,2-таблицалары).

**6-график: Калктын кирешесинин негизги булактарынын структурасы**

*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




Жарандарга жашоо каражаттарынын бардык булактары жөнүндө суроолор берилип, алардын ичинен негизги булагын белгилөө туурасында өтүнүч айтылган. 1999-ж. жана 2009-ж. эл каттоолордун ортосундагы мезгилде жашоо каражаттарынын бардык булактары боюнча калкты бөлүштүрүүнүн структурасында болуп жаткан өзгөрүүлөр республиканын социалдык-экономикалык өзгөрүүлөрүн чагылдырды. 2009-ж. эл каттоонун жыйынтыктары боюнча өз эмгегинен алган кирешени жашоо каражаттарынын негизги булагы катары белгилеген 15 жаш жана андан улуу курактагы калк 2058,8 миң адамды түзүп, 1999-ж. салыштырганда 21 пайызга өстү. Алардын үлүшү 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын жалпы санынын ичинен 1999-ж. деңгээлинде калып, 55,1 пайызды түздү. Стипендия алган адамдардын үлүшү да өзгөргөн жок, 1999-ж. деңгээлинде калды (0,4 пайыз). Мамлекеттен пенсия жана жөлөкпул түрүндө киреше алган адамдардын саны төмөндөп, 2009-ж. эл каттоонун маалыматтары боюнча 436,3 миң адамды түздү. Ошондой эле, 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын жалпы санынын ичинен алардын үлүшү 1999-жылдагы 14,6 пайыздан, 2009-жылы 11,6 пайызга чейин кыскарды.

Өткөн он жылдын ичинде багуудагы адамдардын саны да, үлүшү да 1999-жылдагы 24,7 пайыздан 2009-жылы 29,0 пайызга чейин өстү, жана менчиктен киреше алган адамдардын үлүшү да, турушуна жараша, 0,4 пайыздан 1,7 пайызга чейин жогорулады.

Бул мезгилдин ичинде шаарда да, айылда да өз эмгегинен киреше алган калктын саны көбөйдү. Муну менен бирге, шаарда алардын үлүшү акыркы он жылдын ичинде 1999-жылдагы 42,1 пайыздан 2009-жылы 44,1 пайызга чейин өстү, ал эми айыл жергесинде 63,4

пайыздан 61,4 пайызга чейин төмөндөдү. Ошол эле учурда маалыматтар көрсөткөндөй, айыл жерлеринде иштен түшкөн киреше басымдуулук кылат.

Шаарларда да, айыл жерлеринде да мамлекеттен пенсия жана жөлөкпул түрүндө киреше алган адамдардын, багуудагы адамдардын үлүшү, ошондой эле менчиктен киреше алган адамдардын үлүшү азайды.

2009-ж. эл каттоонун маалыматтары көрсөткөндөй, экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча жумушу бар калктын санынын структурасында ишмердиктин негизги түрү болуп айыл чарба эсептелет - 46,2 пайыз, соода кылуу; автомобилдерди, турмуш-тиричилик буюмдарын жана жеке керектелүүчү нерселерди ондоо - 13,2 пайыз, курулуш - 6,8 пайыз, кайра иштетүү өнөр жайы - 5,7 пайыз.

**7-график: Жумушу бар 15 жаш жана андан улуу курактагы калкты экономиканын негизги секторлору боюнча бөлүштүрүү**

*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




Шаарларда тейлөө тармагы негизги жумуш берүүчү чөйрө катары эсептелет, ал 2009-ж. каттоонун маалыматтары боюнча бардык жумушчу орундарынын 71,9 пайызын камсыз кылат, 1999-ж. 70,1 пайызын камсыз кылган. 1999-ж. салыштырганда өнөр жайда жана курулушта иштеген адамдардын үлүшү өзгөрүлбөй, шаарларда иштеген бардык адамдардын санынын ичинен болжол менен төрттөн бир бөлүгүн түздү. Айылдык калк биринчи кезекте айыл чарбага тартылып, 2009-ж. каттоонун маалыматтары боюнча бардык жумушчу орундарынын болжол менен үчтөн эки бөлүгүн камсыз кылат. Акыркы он жылдын ичинде жумушу бар айылдык калктын структурасында маанилүү өзгөрүүлөр болду: калктын айыл чарбадагы жумуштуулугу 1999-жылдагы 75,3 пайыздан 2009-жылы 63,3 пайызга чейин төмөндөдү, ошол эле учурда тейлөө чөйрөсүндө 1999-жылдагы 20,0 пайыздан 2009-жылы 26,2 пайызга чейин, өнөр жай жана курулуш секторунда 1999-жылдагы 4,7 пайыздан 2009-жылы 10,5 пайызга чейин жогорулады.

Эмгек миграция тармагында болуп жаткан процесстер мындай өзгөрүүлөрдү туудурат, анткени эмгек мигранттар айыл чарбадагы жумуштарды таштап, барган жеринде тейлөө чөйрөсүнө же курулушка өтүшөт.

**Калктын миграциясы**

Кыргыз Республикасы мамлекеттик эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин калк жана эмгек миграция процесстери кеңири таркалды. Муну менен бирге, эмгек миграциясы жакшы изилдене элек жана туруксуздук статусуна ээ болду, ал эми эмгек мигранттары жөнүндө өлкөдөгү расмий маалыматтардай эле, расмий эмес маалыматтар да бул көйгөйдүн анык абалын чагылдырбайт.

Бул көрүнүштү статистикалык иликтөө үчүн 2006-ж. июлунда жумуштуулукка бир жолку изилдөө жүргүзүлүп, анын программасына эмгек миграциясы боюнча маселелер киргизилди. Ушул эле максатта 2009-ж. эл жана турак жай фондун каттоо программасына да миграцияга байланыштуу маселелер киргизилди.

2009-ж. каттоонун маалыматтары боюнча республиканын туруктуу калкынын жалпы санынын ичинен 330,3 миң адам туруктуу жашаган жеринде убактылуу жок болду, анын ичинен 267,8 миң адам, же 82 пайыз - жумушка байланыштуу, 20,4 миң адам, же 6 пайыз - окууга байланыштуу, ал эми 42,1 миң адам, же 12 пайыз - үй-бүлөлүк жана башка себептер боюнча. Убактылуу жок болгондордун жалпы санынын ичинен 250,6 миң адам, же 75,9 пайыз өлкөнүн сыртына чыгып кетти, 79,7 миң адам, же 24,1 пайыз өлкөнүн ичинде миграцияда жүрүштү (3.6-таблица).

Өлкөнүн сыртына чыгып кеткендердин негизги бөлүгү 243,2 миң адам же 97 пайыз - КМШ өлкөлөрүнө, 7,4 миң адам, же 3 пайыз КМШдан тышкаркы өлкөлөргө кетти.

**8-график: Убактылуу жок болгон калкты жок болгондуктун себептери боюнча бөлүштүрүү**

*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




Өзүнүн туруктуу жашаган жеринен чыгып кеткен адамдардын жалпы санынын ичинен 26,1 миң адам, же 8 пайыз бир айга чейин жок болду, 202,8 миң, же 61 пайыз - бир жылга чейин жана 101,4 миң адам, же 31 пайыз бир жылдан ашык жок болду.

Республиканын аймагында убактылуу жашаган адамдар да каттоого тийиш болуп, 2009-ж. каттоонун маалыматтары боюнча алардын саны 75,1 миң адамды түздү, анын негизги бөлүгү 47,3 миң адам, же 63 пайыз үй-бүлөлүк жана башка себептер боюнча, 18,7 миң адам, же 24,9 пайыз жумушка байланыштуу, 9,1 миң адам, же 12,1 пайыз окууга байланыштуу республикада убактылуу жашады. Убактылуу жашагандардын жалпы санынын ичинен 14 миң адам, же 18,6 пайыз башка өлкөлөрдөн келген адамдар, анын 57

пайызы үй-бүлөлүк жана башка себептер боюнча, 33 пайызы жумушка байланыштуу жана 10 пайызы окууга байланыштуу (3.7-таблица).

**9-график: Убактылуу жок болгон калкты жок болгон убакыты боюнча бөлүштүрүү**

*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




**Нике абалы боюнча калктын саны**

Республикада үй-бүлөнүн түзүлүшүнө жагымдуу шарт түзүлгөн. Анын негизинде калктын салтка айланган үй-бүлөнүн никенин туруктуулук нормалары жатат. 2009-жылдагы эл жана турак жай фондун каттоонун маалыматтары боюнча 2 млн. 97 миң адам никеде турат, башкача айтканда, болжол менен 1 млн. 48 миң жубайлар бар (7.1-таблица). Ошентип, 15 жаш жана андан улуу курактагы калктын негизги бөлүгү: эркектердин 57,3 пайызы жана аялдардын 54,9 пайызы никеде турат. 1999-жылдагы каттоонун маалыматтарына салыштырганда алардын саны бир аз - 62,5 пайыздан 2009-ж. 59,0 пайызга чейин төмөндөдү.

Бул тенденцияны 1980-жылдарда төрөлгөн жаш адамдардын санынын өсүүсү шарттады, анткени никеге тура элек жаштар көп төрөй баштады. Мындай жыйынтыкты эч качан никеде турбаган адамдардын санынын көбөйүшү жөнүндөгү маалыматтар далилдеди: эркектер 1999-жылдагы 31,4 пайыздан 2009-жылы 36,3 пайызга чейин, аялдар, турушуна жараша, 21,2 пайыздан 25,8 пайызга чейин.

Он жылдын ичинде ЖААЖ органдарында катталбаган никеде турган эркектердин жана аялдардын үлүшү бир аз кыскарды: турушуна жараша, 1999-жылдагы 4,7 жана 4,6 пайыздан 2009-жылы 4,1 пайыздарга чейин. 1999-жылдагыдай эле, катталбаган никеге туруу айылдык калкка караганда шаардыктарда көбүрөөк таркалды.

Кыргызстандын калкынын никелик структурасынын өзгөчөлүгү болуп жесир, ажырашкан жана бирге жашабаган адамдардын көп саны эсептелет. Каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, он жылдын ичинде шаардык жана айылдык аялдардын, негизинен, ажырашкан жана бирге жашабаган саны өстү. Бул, балким, өткөөл мезгилдин кыйынчылыктары менен байланыштуу, мисалы, күйөөлөрү башка өлкөлөргө барып, көп убакытка чейин кармалат, ошондой эле башка себептерге байланыштуу болушу мүмкүн.

2009-ж. каттоонун маалыматтары боюнча 247,1 миң жесирлер катталды, баштагыдай эле, алардын басымдуу бөлүгүн жесир аялдар түзөт, т.а., эркектердин 2,2 пайызынын - аялы, аялдардын 10,8 пайызынын күйөөсү каза болуп, никеси үзүлдү. Жесир аялдардын санынын аялы өлгөн эркектердин санынан ашышы экинчи дүйнөлүк согуштун натыйжасы менен байланыштуу (улуу курактагылар үчүн), ошондой эле аялдарга салыштырганда эркектердин өмүрү азыраак болгондугуна байланыштуу. Он жылдын ичинде жесирлердин

саны, өзгөчө аялдардын арасында, кыскарды (7.2-таблица). Бул, улуу курактагы аял санынын азайышы, орто курактагы эркектердин өлүмүнүн төмөндөшү жана башка факторлордун натыйжасында болушу мүмкүн.

**10-график: Нике абалы боюнча эркектердин жана аялдардын саны**
*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*

**1999**

**Эркектер**

**Аялдар**




**2009**




1999-жылдагыдай эле, 2009-ж. каттоонун жыйынтыктары көрсөткөндөй, айылдык калкка салыштырганда шаардык калктын ичинде никеде турган адамдардын саны аз. Ошентип, үй-бүлө курган шаардык эркектердин үлүшү 54,4 пайызды, айылдык - 58,9 пайызды түздү жана аялдардын үлүшү, турушуна жараша, 47,6 жана 59,5 пайызды түздү. Бул, негизинен, айыл жерлеринде үй-бүлөлөрдүн салтка айланган бекем болушу жана ажырашуулардын аз саны менен түшүндүрүлөт.

**11-график: Шаарларда жана айыл жерлерде нике абалы боюнча эркектердин жана аялдардын саны**
*(жыйынтыгына карата пайыз менен)*




Негизинен, өлкөнүн калкынын көпчүлүгү никеде турушат, т.а., мурункудай эле, Кыргызстандагы никелүүлүктүн негизги мүнөздөмөсү болуп, анын жалпыга тиешелүүлүгү эсептелет.

## Үй чарбалар жана үй-бүлөлөр

1999-ж. эл каттоодой эле, 2009-ж. эл жана турак жай фондун каттоо боюнча методологияга жана эл аралык сунуштарга ылайык эсепке алуунун негизги объектилери болуп «үй чарба» жана «үй-бүлө» саналат.

